Бекитемин
КАКтын диретору т.и.к.
______ Б.С.Назарбаева
"23" ______ 2022-ж.

**Кочкор-Ата колледжинин практика учурундагы практика жетекчисинин жана практика өтөөчүнүн иш алып баруу тартиби.**

**Практика өтөөчү**- мындан ары студент, академиялык толук саатты (тиешелүү окуу планын) аткарган, окуу бөлүмү тарабынан жолдомосу (практика өтөөчү жайга) бар, техникалык коопсуздук эрежелери менен таанышкан жана күндөлүгү (практика өтөөгө) колунда болгон Кочкор-Ата колледжинин студенти.

**Практика жетекчиси**- Кочкор-Ата колледжи тарабынан тиешелүү саат жүктөмго ээ болгон окутуучусу-(мындан ары окутуучу).

**Максаты**:

-студенттер окуган жалпы-кесиптик жана атайын дисциплиналар боюнча теориялык билимдерин бышыктоо жана терендетүү

-практика өтүп жаткан ишкананын өндүрүштүк-чарбалык аракетин, жабдууларды, эсептөөчү техниканы,көзөмөлдөөчү-ченөөчү приборлорду жана аспаптарды, өндүрүштө колдонулуп жаткан жаңы технологияларды үйрөнүүдө теориялык билимдерин айкалыштыруу.

-жабдууларды ремонттоо, монтаждоо жана колдонуу эрежелерин үйрөнүү.

-педагогикалык практика өтөөдө билим берүү жайларындагы (бала бакча, мектеп, колледж ж.у.с) тарбиялык иштерге киришүүдөгү алгачкы практикалык-машыгууларга ээ болуу. Окуучулардын, балдардын психологиясына жараша окутуу менен бирге тарбиялоо процессине маани берүү.

-адистик боюнча жөндөм-ык машыгууларга ээ болуу.

**Милдети**:

*Окутуучу*- практиканы көзөмөлдөйт, практиканын түрүнө жараша (окуп үйрөнүү, өндүрүштүк, мамлекеттик) тапшырма берет, тиешелүү жерге студентти алып барат, өндүрүштөгү кызматкерге студенттердин тиешелүү маалыматын берет. Мөөнөтү бүткөнгө чейин көзөмөлдөйт (өндүрүштө). Практиканын отчетун алат жана баалайт.

*Студент* өндүрүштө-практика өтөөдө тартип жана техникалык коопсуздук эрежесин сактоого, өндүрүшкө өз убагында барууга, отчеттук документтерди практикасына (окуу, өндүрүштүк, мамлекеттик) жараша даярдоого, өндүрүштөгү студенттер адистигине жараша тиешелүү теориялык, практикалык билимин тастыктаган макет жасоого милдеттүү.

Практика жетекчиси Г.У.Абдыраимова